**Кабылан-Көл айылдык Кеңешинин 6- чакырылышынын кезектеги 10-отурумунун**

# ТОКТОМУ

25. 01. 2024-жыл | № 10/3 | Кабылан – Көл айылы

Кабылан – Көл айылдык кеңешинин 2024– жылга перспективалык иш планын бекитүү жөнүндө

Кабылан-Көл айылдык кенешинин 5-чакырылышынын регламентинин негизинде айылдык кенештин төрагасы З.Абдыкадырованын 2024-жылга түзгөн перспективалык иш планын талкуулап

Кабылан – Көл айылдык Кеңеши

## ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Кабылан-Көл айылдык кеңешинин 2024– жылга перспективалык иш планы кошумчаларды киргизүү менен бекитилсин. (Тиркеме тиркелет)

2. Кабылан-Көл айылдык кеңешинин перспективалык иш планында көрсөтүлгөн иш-пландардын аткарылышына жетишүү кеңештин туруктуу комиссияларына, депутаттарына кеңештин төрагасына жана айыл өкмөтүнүн жооптуу кызматкерлерине милдеттендирилсин.

**Кабылан – Көл айылдык Кеңешинин төрагасы:** **З. Абдыкадырова**

"БЕКИТЕМИН"
Кабылан-Көл айылдык Кенешинин
төрагасы_____________ З.Абдыкадырова
"______"____________2024-жыл

## Кабылан-Көл айылдык Кеңешинин 2024-жылга перспективалык ИШ ПЛАНЫ

| № | Каралуучу маселе | Даярдоочу туруктуу комиссия | Өткөрүү мөөнөтү | Маалымат берүүчү |
|---|---|---|---|---|
| | **I квартал** | | | |
| 1 | Бала бакчанын жүргүзүп жаткан иштери ( балдардын бакчага келүүсү, кадрдык курамы, тамак аштын берилиши) жөнүндө | Саламаттыкты сактоо,билим берүү, социалдык маданий жана жаштар менен иштөө боюнча туруктуу комиссиясы | I квартал | Бала бакчанын башчысы К.Жумалиева |
| 2 | Айыл ичин көрктөндүрүү, жашылдандыруу боюнча жүргүзүлгөн иштердин абалы жөнүндө | Социалдык маданий жана жаштар менен иштөө боюнча туруктуу комиссиясы | I квартал | Айыл башчылар Кадыркулов У. А. Мурзаев |
| 2 | Айылдык эмканалардын саламаттыкты сактоодогу тейлөөнүн абалы, ички чарбалык жумуштары жөнүндө | Саламаттыкты сактоо,билим берүү, социалдык маданий жана жаштар менен иштөө боюнча туруктуу комиссиясы | I квартал | ФАП башчысы А.Жолдошова |
| **3** | **Ар түрдүү маселелер** | | | |
| | **II Квартал** | | | |
| **1** | Кабылан-Көл айыл өкмөтүндөгү айылдык китепкананын элди тейлөөдөгү жүргүзгөн иштери жөнүндө | Социалдык маданий жана саламаттыкты сактоо жаштар менен иштөө боюнча туруктуу комиссиясы | II квартал | Айылдык китепкананын башчысы А.Сатарова |
| 2 | Кабылан-Көл айыл өкмөтүндөгү айылдык маданият үйүнүн директорунун жана көркөм жетекчинин элдин маданиятын көтөрүүдө аткарган иштеринин отчету | Социалдык маданий жана саламаттыкты сактоо жаштар менен иштөө боюнча туруктуу комиссиясы | II квартал | Маданият үйүнүн башчысы С.Эргешов, Айдарбек кызы А. |
| 3 | Кылмыштуулуктун алдын алуу боюнча участкалык инспектордун аткарган иштери жөнүндө | Мыйзамдуулук, этика маселелери боюнча туруктуу комиссиясы | II квартал | Участкалык инспектор |
| 4 | Айыл өкмөтүнүн кызматкерлеринин 2024-жылдын 3-чейрегине аткарган иштери жөнүндө | Мыйзамдуулук, этика маселелери боюнча туруктуу комиссиясы | II квартал | Айыл өкмөтүнүн кызматкерлери |
| **4** | Ар түрдүү маселелер | | | |

| III Квартал | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Кабылан-Көл айыл өкмөтүндөгү жайыт комитетинин пландарынын аткарылышынын абалы жөнүндө | Бюджет, салык жана финансы б-ча туруктуу комиссиясы. | III квартал | Жайыт комитетинин төрагасы |
| 2 | Айыл ичине сырттан келген малдарды эсепке алуу жана айылдын малдарын (кой-эчки,уй) эмдөөнү жүргүзүү жөнүндө | Жер жана айыл чарбасы боюнча туруктуу комиссиясы | III квартал | Аксакалдар сотунун төрагасы К.Абдымомунов |
| 3 | Билим берүү мекемелеринин (директор,ОББ, уюштуруучу, соц.педагог, профком) иш планынын аткарылышы жана аткарган иштери жөнүндө | Мыйзамдуулук, этика маселелери боюнча туруктуу комиссиясы | III квартал | Билим берүү мекемелери |
| 4 | Курбу –Булак жана Өрүктү -Булак ИСКААКБсынын калкты таза суу менен камсыз кылуусу жөнүндө | Мыйзамдуулук, этика маселелери боюнча туруктуу комиссиясы | III квартал | |
| 5 | Айыл өкмөтүнүн аймагындагы соц .тармагындагы ишканалардын күз-кышка карата даярдыгы | Бюджет, салык жана финансы б-ча туруктуу комиссиясы. | III квартал | |
| 4 | **Ар түрдүү маселелер** | | | |
| IV Квартал | | | | |
| 1 | Калкка социалдык жардам көрсотүүнүн абалы жана берилген жардамдар жөнүндө | Бюджет, салык жана финансы б-ча туруктуу комиссиясы. | IV квартал | Социалдык маселелер боюнча жетектөөчү адис Шермамат кызы К. |
| 2 | Айыл өкмөтүнө , айылдык кеңешке элден түшкөн арыз-даттануулар жана аларга берилген жооптордун жыйынтыктары жөнүндө | Депутааттык жана түзүлгөн комиссия | IV квартал | Айыл өкмөт башчысы, айылдык кеңештин төрагасы |
| 3 | Даталуу күндөргө карата өткөрүлгөн маданий жана спорттук иш-чараларга жумшалган акча каражаттары боюнча маалымат берүү | Бюджет, салык жана финансы б-ча туруктуу комиссиясы. | IV квартал | Маданият үйүнүн башчысы, жаштар менен иштөө комиссиясы, ФЭБ башчы. |
| 4 | Айылдык кеңештин депутаттарынын аткарган иштери жөнүндө отчеттору | Мыйзамдуулук, этика маселелери боюнча туруктуу комиссиясы | IV квартал | Айылдык кеңештин депутаттары |
| 5 | Ар түрдүү маселелер | | | |
| 6 | Зарылчылыкка жана түшкөн сунуштарга ылайык кезексиз сессияларды өткөрүү, маселелерди кароо | Бардык туруктуу комиссиялар | өз учурунда | |

Кабылан-Көл айылдык
Кенешинин төрайымы: З.Абдыкадырова